УДК 78.06
DOI 10.33514/1694-7851-2021-4-163-165

**Шамбетова К. Дж.**
И. Арабаев атындагы КМУ, музыка кафедрасы, ага окутуучу
**Шамбетова К. Дж.**
КГУ имени И.Арабаева, кафедра музыки, старший преподаватель
**Shambetova K. J.**
KSU I. Arabaev, Department of Music, Senior Lecturer

# КЫРГЫЗ ЭЛИНИН МУЗЫКАЛЫК МАДАНИЯТЫНДА АЛЫМКУЛ ҮСӨНБАЕВДИН ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫНЫН ЭЭЛЕГЕН ОРДУ
# МЕСТО ТВОРЧЕСТВА АЛЫМКУЛА УСЕНБАЕВА В МУЗЫКАЛЬНОЙ КУЛЬТУРЕ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА
# THE PLACE OF CREATIVITY OF ALYMKUL USENBAYEV IN THE MUSICAL CULTURE OF THE KYRGYZ PEOPLE

**Аннотация:** Дүйнө жүзүндөгү ар бир элдин улуттук өзгөчөлүгү, өзүнө таандык музыкалык маданияты бар. Бул макалада кыргыздын улуттук маданиятынын тарыхы жана элдик аткаруучулук өнөрү төкмө акын Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгынын мисалында каралат.

**Аннотация:** Каждый народ мира имеет свою национальную идентичность и музыкальную культуру. В статье исследуется история кыргызской национальной культуры и народного исполнительского искусства на примере творчества поэта Алымкула Усенбаева.

**Annotation:** Every nation in the world has its own national identity and musical culture. This article discusses the history of Kyrgyz national culture and folk performing arts on the example of the work of the poet Alymkul Usenbaev.

**Негизги сөздөр:** маданият, салттуу музыка, чыгармачылык, элдик ырчылык аткаруучулук өнөр.

**Ключевые слова:** культура, традиционная музыка, творчество, песенное творчество.

**Key words:** culture, traditional music, arts, songwriting.

Дүйнө жүзүндөгү ар бир элдин улуттук өзгөчөлүгү, өзүнө таандык музыкалык маданияты бар. Алар нечендеген кылымдардын ичинде калыптанып, өсүп өнүгүп келген. Ошондой эле кыргыз элинин музыкалык маданияты да нечендеген доор, кылымдарды өткөрүп азыркы күнгө чейин ата-бабаларыбыз калтырган мурастарды сактап келген [1; 6].

Кыргыз эли эң байыркы калктардын бири болуп эсептелет. Музыкалык маданиятынын тарыхы байыркы замандарга кетет. Ал жөнүндө көптөгөн тарыхый изилдөөчүлөрдүн эмгектери далилдеп турат.

Элибиз эзелтеден көркөм өнөргө шыктуу болуп келген. Ар кандай доордо жашаган адамдар өздөрүнүн маданий байлыктарын ар түрдүү жолдор менен жайылтууга, түбөлүккө калтырууга аракеттенишкен. Аларды биз аскалардын бооруна тартылган сүрөттөрдөн байкасак болот. Бул таштарды карап туруп биз ритуалдык бийлерди баяндаган сүрөттөрдү көрө алабыз. Демек бул сүрөттөр байыркы доордо кыргыз маданиятынын ошол кезде эле өнүгүп келгендигин айгинелейт.

Кыргыздын улуттук музыкалык маданиятынын тарыхы байыртан муундан муунга, оозеки формада өтүп келген. Кыргыз музыкасында кыргыз элинин кубанычы, кайгы-муңу, сүйүүсү, эрдиги, азаттыкка умтулуусу камтылган [4;9]. Кыргыздардын музыкалык маданияты тууралуу IX-X кылымдагы кытай жазма булактарында жана башка авторлордун эмгектеринде жазылган. Мисалы Тан династиясынын булактарында кыргыздарда чоор менен шыңгыратма деген музыкалык аспаптары бар экендиги эскерилет. Ал эми XI кылымда жашаган перс окумуштуусу Гардизи да кыргыздын музыкалык маданияты тууралуу кызыктуу маалымат берип кеткен. Ал кыргыз обончуларынын жылда бир жолу чон жыйын өткөрүп, шапар тээп, бийлегендигин баса белгилейт. Ал эми X кылымда жашап өткөн Абу Дулаф, кыргыздар дастандарды ыр түрүндө айтып, лирикасы обон формасында айтылат деп эскерет. Обондуу поэтиканын өнүккөндүгү «Манас» айтуучулук өнөрүндө да көрүнөт. Дастандарда, тарыхый-этнографиялык эмгектерде керней, сурнай, чымылдак, сыбызгы жана дагы көптөгөн аспаптар жөнүндө айтылат [2.] .

Кыргыздын улуттук музыкалык маданиятынын тарыхы байыркы доордо эле аваздык жана аспаптык чыгармачылыктын алгачкы типтери жана формалары түзүлө баштагандыгын далилдейт. Феодалдык коомдо мурунтадан келе жаткан жанрлар менен кошо эпикалык, дастандык чыгармачылык өнүккөн. Кыргыз элинде музыканын жаралышы жөнүндө ар түрдүү уламыштардан айтылып келет. Албетте, алар ошол кездеги адамдардын эмгектенүүсүнө, кыймыл аракетине байланыштуу болгон. Алардын биринде комуз аспабынын жаралышы жөнүндө айтылат.

Байыркы замандарда комузду эч ким көрө да, биле да электе Камбар деген мергенчи аң уулап жүргөндө, кулагына бир жагымдуу добуш угулат. Ал добуш эки карагайдын ортосунда чоюлуп турган жиптен чыгып жаткан эле. Мергенчи ал жиптин пайда болушун маймылдын же башка бир жаныбардын кургап калган ичегиси экенин түшүнгөн. Камбар ал кылды алып үйүнө келип, жыгачтан аспап чаап, ага кыл тагып ойноого аракет кылган. Бара-бара бул аспап эл арасына кенири тараган. Ошол тарыхый болмуштун негизинде кыргыздарда «Күүнүн башы Камбаркан» деген сөз ылакап катары айтылып калган. [3; 63]

Мындан башка дагы көптөгөн уламыштар кыргыз музыкалык маданиятынын эзелтеден өсүп-өнүгүп келе жаткандыгын айгинелейт. Элдин турмушунда кандай кыйынчылыктар болсо дагы төкмө акындар, дастанчылар эл аралап, жер кыдырып өздөрүнүн чыгармаларын элге жеткизүүгө аракет кылышкан. Кыргыздар музыкага шыктуу, чыгармачыл калк болуп келгени алардын татаал жолдорду басып, ошого карабастан көптөгөн музыкалык чыгармалар жаралып, ооздон оозго өтүп, азыркы күнгө чейин келиши айгинелеп турат.

Кыргызстандын тарыхында XIX кылымдын аягы, XX кылымдын башында зор саясий өзгөрүүлөр боло баштаган Кыргызстан Орусиянын курамына кирген. Ушул тарыхый окуя падышачылык Орусиянын саясий, колониялык саясатынын катаалдыгына карабастан, кыргыз элинин андан аркы маданий жана экономикалык өсүшү үчүн прогрессивдүү мааниге ээ болгон. Эл арасында көптөгөн карама-каршылыктар пайда болуп, көтөрүлүшкө чыгып, козголоңчулар сүргүнгө айдалган. Алардын арасында жалган жалаа менен кармалган, таланттуу кыргыз өнөрпоз жигиттери да бар эле. Алардын бири Токтогул Сатылганов болгон.

Токтогул Сатылганов тарыхта чыныгы демократ акын катары калган. 1917-ж. Октябрь революциясы кыргыз жергесине көптөгөн жаңылануулары алып келди. Шаарларда билим берүү борборлору түзүлүп, сабатсыздыкты жоюу маселеси көтөрүлдү. Анын ичинде музыкалык көркөм өнөрдү, фольклорду өнүктүрүү маселеси да коюлган. XX кылымдын биринчи жарымындагы акындык өнөрдүн ири өкүлү Токтогул Сатылганов болгон. Ал

кесипкөй акындардын бүтүндөй тобун тарбиялаган жана өзүнүн мектебин түзгөн. Токтогул Сатылганов тарбиялаган шакирттердин бири - Алымкул Үсөнбаев.

Анын чыгармаларын элдик фольклордон ажыратып кароого болбойт. Ал эли-жерин жанынан артык көргөн. Элдик оозеки адабиятынын өкүлдөрүнүн ичинде эң көрүнүктүү инсандардын бири болуп эсептелет. Алымкул Үсөнбаевдин атагы өз жери Талас өрөөнүндө эле эмес, бүткүл кыргыз жергесинин булуң-бурчтарына тараган.

В.Виноградов Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгы жөнүндө төмөндөгүлөрдү айткан: «Алымкул эң сонун чыгармачылык талантка – бир эле ырды сөздүн мазмунуна жараша ар кандай интерпретациялап билүү жөндөмүнө ээ болгон. Мындай аткаруучулук жөндөмдүүлүк акындык жогорку чеберчилик мектебине киргизилүүгө тийиш»-деп айткан[5; 71-72].

А.Үсөнбаев төкмө акын, комузчу, Кыргыз ССРинин эл артисти. Таластын Кара-Арча айлында кедей-кембагалдын үй-бүлөсүндө туулган. Алымкулдун ырчылык өнөрү он эки жашында эле башталган. Он төрт жашында улуу акын Токтогулга жолуккан. Алымкулдун төкмөлүк өнөрүнө Токтогулдун таасири өтө күчтүү болгон. Ал кыргыз филармониясында иштеп, концерттик бригадалар менен жер-жерлерди кыдырып, концерттерди берип жүрүштү. Ал Токтогулдун күүлөрүн чебер аткарып эл алдына чыгып жүрдү. Алымкул өзүнүн чыгармаларында элдин турмушун, ошол учурдагы элдин кужүрмөн эмгегин, баатырдыгын даңазалаган. Мисалы: «Чолпонбай», «Баатырлардын анты», «Ушул кез» – аттуу чыгармаларында ал Мекенди коргоочуларды, баатырдыкка, туруктуулукка үндөгөн. Алымкул Үсөнбаевдин чыгармаларынын дээрлик үчтөн бири балдарга арналган. Анын ырлары, тамсилдери, поэмалары, адабий жомоктору, балдар адабиятына кошкон баалуу салым болуп эсептелет. Акындын балдар үчүн жазган ырлары, алардын турмушун, көркөм сыпаттайт. Бул ырларда балдардын жаркын маанайлары, бейкапар өсүп куунак жашоосу сүрөттөлөт.

Азыркы учурда залкар акын-ырчылардын чыгармаларын жаш ырчылар да өздөрүнүн репертуарына киргизип, салттуу ырларды даңазалап ырдап жүрүшкөндүгү бизди кубандырбай койбойт. Алар улуу адамдардын аткаруучулук манерасында, деңгээлинде салттуулугун, ырдоо ыкмаларын туура пайдаланып ырдоодо. Бул дагы келечекте, биздин жаштар, ата-бабалардан калган мурасты улантып кете алат,- деген ой келет. Элдик ырчылык аткаруучулук өнөрү нечен кылымдардан бери, бир муундан экинчи муунга өтүүдө. Алардын ыргагы, аткаруучулук салттуулугу, улуттук өзгөчөлүгү да сакталып келүүдө. Чоң сахнада ырдап жүргөн жаш ырчылар эле эмес, жогорку окуу жайлардын музыка бөлүмүндө окуган жаштар да азыркы күндө салттуу музыкага өзгөчө көңүл бөлүүдө. Заманыбыздын залкар ырчысы, дастанчы, комузчу, КР Эмгек синирген артисти Роза Амановадан салттуу музыка боюнча таалим-тарбия алган жаштар улуу ырчыларыбыздын жолун жолдоп, элдик ырчылык аткаруучулук өнөрүнүн өнүгүүсүн токтотпой, созолонто ырдоо салттуулугун, аткаруучулук маданият деңгээлинин бийиктигин, жогорку чеберчилигин сактап калууга аракет кылгандары бизди кубантпай койбойт.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Алагушев Б., Койгелдиева Т., Турдумамбетова. Ш. Кыргыз музыкасынын тарыхынан. Фрунзе; Мектеп, 1989ж.
2. Кыргыз музыкасы: Wikipedia
3. Дүйшалиев К.Ш. Салттык музыка: Теориясы жана усулдары. Бишкек-2012ж.
4. Дүйшалиев К.Ш. Кыргыз эл музыкасы. Бишкек 2007ж.
5. Виноградов В.А. Киргизские народные музыканты и певцы.